| | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | БИЛИМ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 07-2-3 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин отурумунда
Протокол № 1
«30» 09 2026-ж.

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
ректору Чыныбаев М.К.

Буйрук № 1/194
«2» 10 2026-ж.

# И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Бишкек, 2026**

## ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ

| **УЧА версиясы№** | **Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун № же абзац (бетти көрсөтүү менен)** | **КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин № ...... протоколу жана датасы** |
|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгынын 1-бөлүгүнүн 1.1-пунктуна жана аталган Жарлыкка, 2022-жылдын 7-сентябрында катталган Уставга жана КМТУнун түзүмүнө байланыштуу Жобонун бүт тексти боюнча өзгөртүүлөр киргизилди. | Протокол 05 .10.2022-ж. |
| 2 | КМТУнун Жогорку мектебинин типтүү штаттык түзүмүнүн 3.2-пунктуна өзгөртүү киргизилип, «директораттын катчысы» деген сөздөр «директораттын адиси» деген сөздөргө алмаштырылды | Протокол №1 27.09.2023-ж. |
| 3 | Жобонун 4.5-пунктуна Окуу-усулдук комиссиянын төрагалыгына шайлануучу адамга коюлуучу талаптарды белгилөө бөлүгүндө өзгөртүүлөр киргизилди. | Протокол №1 30.09.2026-ж. |

## 1. Жалпы жоболор

1.1. И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Жогорку мектеби жөнүндө ушул Жобо (мындан ары — Жобо) Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларынын, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Уставынын жана анын уюштуруу-башкаруу түзүмүнүн негизинде иштелип чыккан.

1.2. И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Уставына ылайык, Жогорку мектеп түзүмдүк административдик бөлүм болуп саналат. И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Жогорку мектеби (мындан ары — КМТУнун ЖМ) юридикалык жак болуп саналбайт жана гуманитардык, экономикалык багыттарда, ошондой эле маданият жана искусство тармактарында жогорку кесиптик билим берүүнүн, кошумча кесиптик билим берүүнүн жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырууну координациялайт.

1.3. КМТУнун тигил же бул Жогорку мектебин уюштуруунун максатка ылайыктуулугу КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен, каралган финансылык каражаттардын көлөмүнүн чегинде жана төмөнкү шарттар болгон учурда аныкталат:

1) материалдык-техникалык база жана өндүрүштүк практиканы өткөрүү базалары;
2) окуу процессин тиешелүү окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздоо;
3) окуу, окуу-усулдук жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө жөндөмдүү профессордук-окутуучулук курамдын (мындан ары — ПОК) болушу;
4) кеминде 150 студенттин болушу.

1.4. КМТУнун ЖМ өз ишин Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына, КМТУнун Уставына жана ушул Жобого ылайык жүргүзөт.

1.5. Типтүү аталышы:

1) орус тилинде — «Высшая школа»________________________________________;
ЖМ багыты көрсөтүлөт
2) кыргыз тилинде«Жогорку мектеби»______________________________________;
3) англис тилинде «Higher School of» ______________________________________.

## 2. КМТУнун ЖМнын максаттары, милдеттери жана функциялары

2.1. КМТУнун ЖМ КМТУнун өзүнчө түзүлүүчү түзүмдүк бөлүмүндө билим берүү багыттарын ар тараптуу өнүктүрүү максатында түзүлөт.

2.2. КМТУнун ЖМнин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) КМТУнун ЖМге бекитилген бакалавриат, адистик, магистратура жана PhD докторантура багыттарын ар тараптуу өнүктүрүү;
2) эл аралык байланыштарды кеңейтүү жана чыңдоо;
3) өндүрүштүк-практикалык ишмердүүлүктү өнүктүрүү;
4) илимий-инновациялык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын коммерциялаштыруу;
5) билим алуучуларда жарандык позицияны жана эмгекчилдикти калыптандыруу, жоопкерчиликти, өз алдынчалуулукту жана чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүү;
6) коомдун адеп-ахлактык, маданий жана илимий баалуулуктарын сактоо жана көбөйтүү;
7) калк арасында билимди жайылтуу, мамлекеттин интеллектуалдык потенциалын жогорулатуу.

2.3. КМТУнун ЖМнын функциялары:

1) белгилүү бир кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсү үчүн илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону координациялоо, ошондой эле адистерди даярдоонун профили боюнча фундаменталдык жана колдонмо мүнөздөгү илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;
2) окуу процессинин жүрүшүнө, студенттердин практиканын бардык түрлөрүн өтүшүнө, ошондой эле окуу сабактарынын расписаниясынын аткарылышына контролдук жүргүзүү;
3) семестрдин ичинде билимдерди учурдагы контролдоону уюштуруу, ошондой эле курстук экзамендерди өткөрүү;

4) белгиленген тартипте студенттерге стипендияларды дайындоо;
5) кафедралардын окуу китептерин, окуу жана усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу боюнча иштерин координациялоо жана контролдоо, кафедраларда, чыгармачыл ийримдерде жана илимий коомдордо жүргүзүлүп жаткан студенттердин чыгармачылык иштерине жалпы жетекчилик кылуу;
6) окууда, чыгармачылык жана инновациялык ишмердүүлүктө жетишкен ийгиликтери үчүн билим алуучуларды сыйлоо жана шыктандыруу.

## 3. КМТУнун Жогорку мектебинин түзүмү

3.1. КМТУнун ЖМнын түзүмүнө: Окумуштуулар кеңеши, директорат, кафедралар, Окуу-методикалык комиссия кирет. КМТУнун ЖМ өзүнүн түзүмүндө кафедраларды жана илимий-изилдөө лабораторияларын түзүүшү мүмкүн. КМТУнун ЖМ өзүнчө түзүмдүк бөлүм түзбөстөн, тиешелүү билим берүү программасынын жетекчисин дайындоо менен билим берүү программаларын ишке ашырууну уюштура алат.

3.2. КМТУнун ЖМнын типтүү штаттык курамы төмөнкү кызматкерлерден турат: директор (штаттык бирдик), директордун орун басары (айкалыштырып иштөө боюнча), кафедра башчылары жана/же билим берүү программаларынын (мындан ары — БП) жетекчилери, эдвайзер, директораттын адиси (1 штаттык бирдик). Студенттердин контингенти 2000 адамдан ашкан учурда ЖМнын директорунун кызматтык маянасына коэффициент белгиленет.

3.3. КМТУнун ЖМнын директорунун орун басарларынын жана эдвайзерлеринин саны студенттердин контингентине жараша аныкталат:

**КМТУнун Жогорку мектебинин түзүмү:**




1) билим берүүнүн сапаты боюнча директордун орун басары (1 штаттык бирдик) студенттердин контингенти 500 адамдан ашкан учурда кошумча акы төлөнөт. Студенттердин контингенти 2000 адамдан ашкан учурда кызматтык маянага коэффициент колдонулат;
2)тарбия иштери боюнча директордун орун басары (1 штаттык бирдик) студенттердин контингенти 500 адамдан ашкан учурда кошумча акы төлөнөт. Студенттердин контингенти 2000 адамдан ашкан учурда кошумча акыга коэффициент белгиленет;
3) илимий иш боюнча директордун орун басары — илимий даражасы бар кызматкер. ЖМнын илимий даражасы бар илимий иш боюнча директордун орун басарына студенттердин контингенти 500 адамдан ашкан учурда кошумча акы төлөнөт;
4) студенттер менен иштөө боюнча эдвайзер - 1000 билим алуучуга 1 штаттык бирдик.

3.4. БП жетекчилеринин саны КМТУнун ЖМде ишке ашырылып жаткан билим берүү багыттарынын санына жараша аныкталат. Профессордук-окутуучулук курамдын саны КМТУнун ЖМнын окуу жүктөмүнүн негизинде аныкталат.

3.5. КМТУнун ЖМнын штаттык расписаниеси КМТУнун Пландык-финансылык башкармалыгы менен макулдашылат жана ректор тарабынан бекитилет.

## 4. КМТУнун Жогорку мектебин башкаруу

4.1. КМТУнун ЖМнын ишин директор жетектейт. КМТУнун ЖМнын директору тиешелүү профилдеги илимий даражасы жана квалификациясы бар жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрлардын арасынан ректордун буйругу менен эмгек келишиминин негизинде 5 жылга чейинки мөөнөткө дайындалат. Университеттин тиешелүү локалдык ченемдик актысы менен белгиленген жылдык аттестациянын жыйынтыгы боюнча ректор КМТУнун ЖМнын директорун ээлеген кызматынан бошотууга укуктуу.

Курамында маданият жана искусство багыттары боюнча билим берүү программаларын ишке ашыруучу кафедралары бар КМТУнун ЖМнын директору илимий даражасы же илимий наамы жок жогорку квалификациялуу адистердин арасынан да дайындалышы мүмкүн.

4.2. КМТУнун ЖМнин директору КМТУнун Уставында жана КМТУнун ЖМ жөнүндө Жободо белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде Жогорку мектептин атынан иш алып барып:

1) КМТУнун ЖМни бардык уюмдарда жана мекемелерде өкүлчүлүк кылат;

2) КМТУнун жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишмердигине байланыштуу маселелер каралып, чечилген КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин, Ректорлор кеңешинин жана Конкурстук комиссиясынын ишине катышат;

3) КМТУнун ЖМнын ишин пландаштырат жана бекитилген функционалдык милдеттерине ылайык кызматкерлердин ортосунда бөлүштүрөт;

4) КМТУнун ЖМнын окуу жана илимий-изилдөө лабораторияларынын окуу, окуу-усулдук, илимий-изилдөө жана илимий-усулдук иштерине жетекчилик кылат;

5) жогорку кесиптик жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда КМТУнун билим берүү стандарттарынын талаптарынын сакталышы үчүн толук жоопкерчилик тартат;

6) кесипке багыт берүү иштерине, окуу процессине, студенттердин практикаларын өткөрүүгө жана студенттер арасында тарбия иштерин жүргүзүүгө контролдук кылат;

7) окуу сабактарынын расписаниясын, окуу процессинин графигин түзүүнү уюштурат жана алардын аткарылышын контролдойт;

8) студенттердин өз алдынча иштеринин аткарылышына, студенттердин билимдерин учурдагы жана жыйынтыктоочу контролдоого контролдук кылууну уюштурат, алардын жыйынтыктарын талдайт жана КМТУнун ректоратына окуу, окуу-усулдук жана илимий-изилдөө иштерин жакшыртуу боюнча сунуштарды камтыган жылдык отчет даярдайт;

9) белгиленген тартипте жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүүнү уюштурат;

10) студенттерди окуудан чыгаруунун себептерин көрсөтүү менен, студенттерге академиялык өргүү берүү, мурда КМТУдан чыгарылган адамдарды студенттердин катарына кайра кабыл алуу жана башка жогорку окуу жайында мурда билим алган студенттерди которуу жөнүндө ректорго рапорт берет;

11) КМТУнун ЖМнын студенттерине стипендия дайындоо боюнча ректорго сунуштарды киргизет;

12) КМТУнун ЖМнын ПОКтун окуу китептерин, окуу жана усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу, студенттердин чыгармачылык иштерин уюштуруу, илимий-изилдөө жана окуу лабораторияларындагы, илимий ийримдердеги иштерди жүргүзүү боюнча ишин координациялайт;

13) илимий-педагогикалык кадрларды (аспиранттарды, докторанттарды жана изденүүчүлөрдү) даярдоону жана ПОКтун квалификациясын жогорулатуу боюнча иштерди координациялайт;

14) КМТУнун ЖМнын кызматкерлерин жумушка кабыл алуу, кызматтан бошотуу жана которуу, аларды моралдык жана материалдык жактан шыктандыруу, ошондой эле тартиптик таасир көрсөтүү чараларын колдонуу боюнча ректорго сунуштарды киргизет;
15) КМТУнун башка түзүмдүк бөлүмдөрү менен биргеликте окуу-тарбиялык, усулдук жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн зарыл шарттарды камсыз кылуу маселелерин чечет;
16) КМТУнун ЖМде ЖМнын кызматкерлери тарабынан даярдалган окуу китептеринин, окуу куралдарынын кол жазмаларын, дисциплиналардын окуу программаларынын долбоорлорун кароону уюштурат;
17) КМТУнун ЖМнын бүтүрүүчүлөрү, аспиранттары жана докторанттары менен байланыштарды түзөт жана колдойт;
18) белгиленген тартипте КМТУнун ЖМге кабыл алууну уюштурууга катышат;
19) тажрыйбаны, окутуунун жаңы инновациялык технологияларын изилдөө, жалпылоо жана жайылтуу, биргелешкен илимий изилдөөлөрдү, конструктордук жана башка иштеп чыгууларды уюштуруу, жогорку билимдүү адистердин квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле конференцияларды, семинарларды жана башка иш-чараларды өткөрүү максатында КМТУнун өнөктөш жогорку окуу жайларынын түзүмдүк бөлүмдөрү, уюмдар, ишканалар, фирмалар жана мекемелер менен чыгармачылык байланыштарды түзөт;
20) ар бир окуу жылы үчүн КМТУнун ЖМнын ишмердиги жөнүндө отчет даярдап, КМТУнун ЖМнин Окумуштуулар кеңешинин кароосуна киргизет.

4.3. КМТУнун ЖМнын ишмердигинин негизги маселелерин кароо үчүн ректор тарабынан бекитилген тиешелүү типтүү жобонун негизинде иш алып баруучу Окумуштуулар кеңеши түзүлөт. Окумуштуулар кеңешин КМТУнун ЖМнын директору жетектейт.

4.4. КМТУнун ЖМнин Окумуштуулар кеңеши «И. Раззаков атындагы КМТУнун институтунун, Жогорку мектебинин Окумуштуулар кеңеши жөнүндө жобонун» негизинде иш алып барат.

4.5. Жогорку мектепте жогорку кесиптик билим берүүнүн мазмунун сапаттуу камсыз кылуу, өркүндөтүү жана өнүктүрүү максатында Окуу-усулдук комиссия (ОУК) түзүлөт. ОУКтун төрагасы болуп КМТУнун ЖМнын директору же кафедралардын ичинен окуу-усулдук иш жаатында тиешелүү тажрыйбага жана компетенцияларга ээ болгон жогорку квалификациялуу педагогикалык кызматкерлердин бири шайланышы мүмкүн.

4.6. КМТУнун ЖМнын Окуу-усулдук комиссиясы «И. Раззаков атындагы КМТУда усулдук иш жөнүндө жобонун» негизинде иш алып барат.

## 5. КМТУнун ЖМсынын кайра уюштурулушунун жана жоюлушунун тартиби

5.1. КМТУнун ЖМнын кайра уюштурулушу жана жоюлушу КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими жана ректордун буйругу менен жүзөгө ашырылат.

5.2. КМТУнун ЖМ кайра уюштурулган учурда (бөлүү, бириктирүү жана профилин өзгөртүү) директор дайындалганга чейин ректордун буйругу менен Жогорку мектептин директорунун милдетин аткаруучу дайындалат.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

| | |
|---|---|
| Академиялык иштер боюнча проректор | Э.И Сырымбекова. |
| Илимий иштер боюнча проректор | Р.Ш.Элеманова |
| Пландык-финансылык башкармалыктын начальниги | Г.К. Омуркулова |
| УИБ башчысы | А.Ж.Исраилов |